**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «АДАМ ЖАНА КООМ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

жалпы билим берүүчү мектептердин
6-9-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

**Козубаева Б.У.** – Кыргыз билим берүү академиясынын Социалдык-гуманитардык билим берүү лабораториясынын ага илимий кызматкери, жумушчу топтун жетекчиси;

**Бакиров А.Ж. –** юридика илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргызстан юридикалык клиникалар Ассоциясынын Президенти;

**Карачева Ө.С.** – Ысык-Көл облусундагы Балыкчы шаардык З.Исаева атындагы № 4-гимназия мектебинин Адам жана коом предметинин мугалими, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими;

**Садыкова Б.Н. –** Бишкек шаарындагы профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Зылканова Ж.Н.** – Баткен областындагы Лейлек районунун Н.Батыров атындагы жалпы билим берүүчү мектептин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Алымкулова Г.Б.** – Талас облустук лицей – комплексинин Адам жана коом предметинин мугалими;

**Жеңишева Н.Ж.** – юрист, укуктук билим берүү боюнча адис;

**Тюлегенов М.Т. –** Борбордук Азия Университетинин ага илимий кызматкери;

**Касмалиева А. М. –** жарандык окутуу боюнча адис;

**Кадыралиева А. –** Amnesty Internaional Борбордук Азиядагы адам укуктары боюнча консультант;

**Азимова М.Л. –** РПККЖ жана КДИ ага окутуучусу;

**Арунова А.А. –** КРСУ психология кафедрасынын ага окутуучусу.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 6-9-класстары үчүн Адам жана коом предмети боюнча окуу программа (окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын, Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыкты.

Адам жана коом предмети боюнча окуу программа окутуунун базалык билим берүү баскычы үчүн бирдей шарттарды камсыз кылат, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү жана окуучулардын өнүгүүсүнүн деңгээли үчүн милдеттүү болуп саналат.

Аталган окуу программа автордук окуу программаларын, окуу-методикалык комплекстерди жана окуу куралдарды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**МАЗМУНУ**

**1. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ. …………………………...........................................** 4

**2. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**
**2.1. Предметтин концепциясы.......................................................................** 5
**2.2. Предметтин методологиясы ..................................................................** 7
**2.3. Окутуунун формасы жана методдору ..................................................** 8

**3. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ жана КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР............**
**3.1. 6-класс ........................................................................................................** 10
**3.2. 7-класс ........................................................................................................** 14
**3.3. 8-класс.........................................................................................................** 19
**3.4. 9-класс ........................................................................................................** 24

**4. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО**
**4.1. Баалоо..........................................................................................................** 29
**4.2. Баалоонун критерийлери.........................................................................** 29
**Тиркемелер .....................................................................................................** 32

## 1. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**6–9-класстар үчүн Адам жана коом предмети боюнча программа**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021);
- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү мыйзамы” (2019);
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (2024);
- Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн 2025-2026-окуу жылынын Базистик окуу планы;
- Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн Адам жана коом предмети боюнча предметтик стандартынын (2025) негизинде иштелип чыкты.

Адам жана коом предмети боюнча программа окуу курсунун инварианттык (милдеттүү) бөлүгүн аныктайт жана билим берүүнүн натыйжаларына тиешелүү стандарттын талаптары менен катар негизги жалпы билим алууну камсыз кылган бардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн жарамдуу болуп саналат.

Программа негизги жалпы билим берүү баскычында билим берүү процессинин максаттарын, милдеттерин, мазмунун жана уюштурулушун аныктайт жана көп түрдүү коомдо өзүн ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон негизги көндүмдөрдү калыптандырууга, курчап турган дүйнөдөгү өзгөрүүлөргө ыңгайлашып, ар кандай кырдаалдарга объективдүү баа берип, коомдук жашоого активдүү катышууга даяр инсандын интеллектуалдык, руханий-адеп-ахлактык жана жарандык өнүгүүсүнө багытталган.

Программа төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

- предметтин мазмуну жана күтүлгүүчү натыйжалар – класстар боюнча мазмундук багыттардан келип чыккан ар бир бөлүмдөрдөгү темалар жана аларга бөлүнгөн сааттар көрсөтүлгөн;
- предметти окутуунун методикасы – Адам жана коом предметинин концепциясы, методологиясы, окутуунун формасы жана методдору тууралуу сунуштарды камтыйт;
- окуучулардын жетишкендиктерин баалоо – баалоо жана баалоонун критерийлери жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Аталган программа негизги жана милдеттүү окуу-нормативдик документ катары кабыл алынып, Адам жана коом предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн автордук программаларды иштеп чыгууда жана ОМКларды түзүүдө авторлор жана түзүүчүлөр тарабынан негиз катары алынат.

Программаны ишке ашыруу мөөнөтү (7-класстар үчүн) 2025-2026 – окуу жылы болуп эсептелет. Кийинки окуу жылдары улам 12 жылдык билим берүүгө өткөн класстар үчүн жарактуу болуп, программага өзгөртүүлөр киргизилип, толукталышы мүмкүн. Программаны ишке ашырууну көзөмөлдөө иши Кыргыз Республикасынын Агартуу министрилиги жана билим берүүнүн жергиликтүү башкаруучу органдары тарабынан жүргүзүлөт.

# 2. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## 2.1. Предметтин концепциясы

Адам жана коом предмети – мамлекеттүүлүктүн негизин түзүүчү предмет болуп саналат. Анткени, Адам жана коом предмети – саясий, социалдык, экономикалык, экологиялык, маданий жана маалыматтык чөйрөлөрдөгү глобалдык өзгөрүүлөрдү жана тенденцияларды чагылдырып, окуучуларда жарандык иденттүүлүк, финансылык сабаттуулук жана медиасабаттуулукту, жашыл көндүмдөрдү калыптандырууга басым жасайт.

Адам жана коом предметинин максаты – мектеп окуучуларына өзүнүн укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин туура түшүнүп, жарандык ролун аткарууга үйрөтүү менен туруктуу жана коопсуз өнүгүү үчүн зарыл болгон социалдык, экономикалык жана укуктук билимдерди берүүгө, улуттук баалуулуктардын негизинде окуучулардын жарандык иденттүүлүгүн, Кыргызстанга болгон сый-урматын жана активдүү жарандык позициясын калыптандыруу.

**Окутуунун билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк максаттары менен дал келүүчүлүктө төмөнкү милдеттер ишке ашырылат:**

**1. Таанып-билүүчүлүк –** Кыргызстандын жана дүйнөлүк коомчулуктун социалдык-экономикалык, коомдук-саясий жана социалдык-маданий көрүнүштөрүнүн жана процесстеринин, анын ичинде туруктуу өнүгүүнүн, ресурстарды башкаруунун алкагында коом үчүн кесепеттерди эске алуу менен инсандык өзгөчөлүктөрүн/сапаттарын/ жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз алдынча аңдап-түшүнөт, критикалык ой жүгүртүп анализдейт жана түшүндүрөт;

**2. Жүрүм-турумдук –** жеке, коомдук жана экономикалык турмушта өз позициясын калыптандырат жана коргойт, адам менен коомдук жана мамлекеттик институттардын өз ара аракеттенүүсүнүн иштелип чыккан ченемдеринин алкагында конструктивдүү адамдар аралык мамилелерди түзүүгө жана иш алып барууга жөндөмдүү, адам укуктарын коргоо көндүмдөрүнө ээ;

**3. Баалуулук –** өзүнүн жүрүм-турумун жана башкалардын аракеттерин улуттук, жарандык (Кыргыз жараны) жана жалпы адамзаттык, руханий-адептик жана гуманисттик баалуулуктар, адам укуктарынын негизги принциптери – адамдык ар-намысты урматтоо, эркиндик, теңдик жана адилеттүүлүк, ошондой эле укуктар жана жүрүм-турум эрежелери менен салыштырып баалоого үйрөнөт; социалдык жана экономикалык турмушта туруктуу өнүгүүнүн нормалары менен принциптерине ылайык аракет кылууга даярдыкты калыптандырат.

Предметти окуп-үйрөнүү концентрдик принцип боюнча үч контекстте берилет: жеке (окуучунун өзү, үй-бүлөсү, достору менен байланышкан), социалдык (жергиликтүү курчаган чөйрө менен байланышкан), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу менен байланышкан).

Мазмундук багыттар концентрдик принципке ылайык төмөнкүдөй түзүлгөн:

**Социалдашуу** – коомдо кабыл алынган нормаларды, эрежелерди, баалуулуктарды жана маданиятты өздөштүрүү аркылуу адамдын коомго интеграциялануу жана инсан катары калыптануу процессин камтыйт.

**Улуттук нарк жана баалуулуктар** – коомдук тажрыйбанын негизинде улуттук маданиятка шайкеш келген социалдык аң-сезимди калыптандырууга багытталган адамдын жүрүм-турумун, өз ара мамилесин жана дүйнө таанымын жөнгө салуучу туруктуу руханий жана моралдык баалуулуктардын системасы.

**Туруктуу өнүгүү жана коопсуздук** – адамзаттын жашоосу үчүн коопсуз жана туруктуу шарттарды түзүү максатында жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга, экологиялык тең салмактуулукту сактоого, экономикалык өсүштү, социалдык адилеттүүлүктү жана коомдук туруктуулукту камсыз кылууга багытталган комплекстүү мазмундук багыт.

**Адамдын укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги** – адамдын табигый ажырагыс укуктарын, эркиндиктерин таануу жана коргоо, аларды турмушта колдоно билүү, Кыргыз жараны катары коом алдындагы милдеттерди жана жоопкерчиликтерди түшүнүү, укуктук маданиятты жана жарандык аң-сезимди калыптандырууга багытталган мазмундук багыт.

Бул төрт мазмундук линия окуучунун:

- жарандык аң-сезимин,
- укуктук маданиятын,
- улуттук өздүгүн,
- коомго жана табиятка болгон жоопкерчилигин калыптандырат.

Мазмундук багыттарда берилген окуу материалдарын жана практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн төмөнкү предметтик компетенттүүлүктөр тандалган:

**1. Өзүн өзү жана социалдык чөйрөнү таанып-билүү компетенттүүлүгү** – окуучунун ар түрдүү социалдык топторго өзүнүн уникалдуулугун жана өзгөчөлүгүн жоготпостон адаптацияланууу, коомдо кабыл алынган жүрүм-турумга болгон мотивацияны көрсөтүү аркылуу көп түрдүүлүктү урматтоо жана башка адамдар, жамааттар жана мамлекет менен ошол эле мезгилде медиа мейкиндикте конструктивдүү өз ара аракеттенүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырат.

**2. Жарандык-укуктук компетенттүүлүк** – окуучунун окуяларды талдай билүү, чечимдерди кабыл алуу жана өлкөнүн жараны катары коомдук процесстерге катышуу, укуктук нормаларга негизделген чечимдер жана аракеттер үчүн жоопкерчилик алуу жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырат.

**3. Финансылык-экономикалык компетенттүүлүк** – бул жеке кирешелерди жана чыгымдарды башкаруу, финансылык коопсуздукту камсыздоо, ишкердик ишмердүүлүктүн социалдык-экономикалык ролун түшүнүү аркылуу жашыл көндүмдөрдү жана финансылык сабаттуулукту калыптандырат.

Предметтик компетенттүүлүктөр жана мазмундук багыттар өз ара тыгыз байланышкан. Ар бир мазмундук багыттарда анык бир предметтик компетенттүүлүктөрдүн калыптануусу күтүлөт (1-тиркеме: 5-таблица).

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөр менен бирге айкалышып калыптанат. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы окуучулардын практикалык ишмердүүлүктө жеке, жуптарда жана топтордо деңгээлдик тапшырмаларды аткаруу аркылуу таанып-билүү; талдоо, талкуулоо, жеке жана жалпы чечимге келүү аркылуу коммуникативдик жөндөмдөрүн калыптандыруу; өзүнүн жана башкалардын сезимин, эмоцияларын билүү, жөнгө салуу аркылуу эмпатиялык көндүмдөрүн

өнүктүрүү; маалыматты туура колдонуу жана башкаруу ыкмаларын коопсуз өздөштүрүү жолдору менен ишке ашат (2-тиркеме: 6-таблица).

## 2.2. Предметтин методологиясы

Предметтин татаалдыгы анын мазмунуна Социология, Философия, Антропология, Психология, Саясат таануу, Адам укугу, Культурология, Экономика, Экология жана Этика дисциплиналары менен интеграциялангандыгы болуп саналат. Аталган дисциплиналардан жана предметти окутуунун өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгып, Адам жана коом методологиялык негизи болуп төмөнкүлөр саналат:

- **мультидисциплинардык мамиле** – ар кандай дисциплиналардан (философия, социология, укук, саясат таануу, экономика, экология) алынган билимдерди колдонуу аркылуу коом менен адамдын турмушунун ар кандай аспектилерин изилдөөнү билдирет. Окуучулар бул тармактардан алынган маалыматтарды интеграциялап, аны коомдук процесстерди жана чыныгы социалдык кырдаалдарды талдоодо колдонулушу күтүлөт;

- **концентрдик мамиле** – бул билимди улам кеңейтүү жана тереңдетүүгө негизделет. Баштапкы деңгээлде жалпы түшүнүктөр берилсе, жогорку класстарда терең анализ жүргүзүлөт. Ар бир деңгээлде окуучулар негизги концепцияларга кайрылып, бирок, улам терең жана толук маалыматка ээ болушат. Бул мамиле билимди системалуу жана туруктуу өздөштүрүүгө өбөлгө болот;

- **компетенттүүлүк мамиле** – окуучуларды коомдун жашоосуна активдүү катышууга жана коомдук маселелерди чечүүгө даярдайт. Окуучуларда инсан үчүн маанилүү болуп саналган: өзүн өзү таануу, социалдык жоопкерчилик, жарандык активдүүлүк, укуктук, финансылык жана экологиялык сабаттуулук сыяктуу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталат. Бул Адам жана коом предметтиринин негизги максаттарынын бири, ошондуктан маанилүү болуп саналат;

- **социомаданий мамиле** – тарыхый, философиялык жана социалдык шарттар коомдук нормалардын жана баалуулуктардын калыптануусуна кандай таасир эткенин түшүнүүгө жардам берет. Коомдун социалдык жана маданий аспектерин окуп-үйрөнүү окуучуларга маданий көп түрдүүлүктү, жүрүм-турум нормаларын жана баалуулуктарын түшүнүүгө, башка маданияттарды урматтоого жана баалоого үйрөтөт;

- **адеп-ахлактык мамиле** – окуучуларга адеп-ахлактык нормалар, укуктар жана милдеттер жөнүндө түшүнүк берүү аркылуу мамлекеттеги коомдук көрүнүштөрдү адеп-ахлактык жана моралдык көз караштан кароо жөндөмүн өнүктүрүп, бул аспектилердин коомдогу чечимдерге кандай таасир этээрин эске алууга жардам берет;

- **экологиялык мамиле** – окуучуларга экологиялык жоопкерчилик жана туруктуу өнүгүү боюнча түшүнүк берүү аркылуу адам менен табияттын өз ара байланышынын, айлана-чөйрөнү коргоонун жана ресурстарды сарамжалдуу колдонуунун маанилүүлүгүн түшүнүүгө шарт түзөт;

- **интерактивдүү мамиле** – окутуу процессинде ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды мисалы, дебаттар, дискуссия, ролдук оюн, долбоорлоо, моделдөө ж.б. колдонуу окуучуларга теорияны чыныгы коомдук кырдаалдарды талдоо, аргументтерди келтирүү жана чечимдерди кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берет;

- **дифференцияланган мамиле** – окуучулардын кызыкчылыктары жана жөндөмдөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен мугалим ар бир окуучуга өзүн көрсөтүүгө

мүмкүндүк берген: репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде ар түрдүү тапшырмаларды сунуштай алат;

**- колдоочу жана коопсуз чөйрөнү камсыздоо** – окуучулар өз пикирин эркин билдирип, талкууга жана социалдык маселелерди чечүүгө катыша ала турган, урматтоо жана ишенимди түзгөн жагымдуу атмосфераны түзүүнү камтыйт. Сабактагы психологиялык жана физикалык коопсуздукту сактоо, бирим берүү аянтын жана санариптик технологияларды колдонууну туура уюштуруу маанилүү болуп саналат. Бул окуучуларда адеп-ахлактык нормаларды эске алуу менен толерантуулукту, коомдо жана интернетте коопсуз жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду калыптандырууга жардам берет.

Бул мамилелердин бардыгы Адам жана коом предметинин методологиялык негизин түзөт жана ар бири предметтин маанисине, максатына жана мазмунуна шайкеш келет.

## 2.3. Окутуунун формасы жана методдору

Базистик окуу план боюнча ар бир класска жумасына 2 сааттан, жылына 68 сааттан окуу жүктөмү берилген. Берилген сааттарды максаттуу пайдаланып, окутуу процессинин натыйжалуулугун арттыруу үчүн программада алар төмөнкүдөй жайгаштырылды:

1 саат – Киришүү;

54 саат – теориялык темалар;

8 саат – практикалык ишмердүүлүк сабактары (ар бир бөлүмдө 2 сааттан);

4 саат – кайталоо (ар бир чейректи жыйынтыктоодо 1 сааттан);

1 саат – жылдык кайталоо.

Киришүүдө – жалпы курста өтүлүүчү материал боюнча окуучуларга кыскача маалымат берүү жана уюштуруу иштери эске алынган. Теориялык темаларда окуу китебине таянып окутуу процесси жүргүзүлөт жана окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө багыт берилет.

Ар бир бөлүмдө 1 сааттан – практикалык ишмердүүлүк бөлүнөт. Бул сааттардын эсебинен: көлөмдүү теманы практика менен байланыштырып же активдүү жана интерактивдүү методдордун ыкмаларын колдонуп сабак өтсө болот. Бул окуучулардын негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга жардам берет.

Ошондой эле ар бир бөлүмдөн кийин кайталоо үчүн сааттар берилди. Бул сааттарды жалпы өтүлгөн темаларды кайталоого (тестирлөө, викторина, суроо-жооп, эссе жазуу, чыгармачыл эмгектерди даярдоо, ж.б.) колдонсо болот.

Сааттардын ушул өңүттө жайгаштырылышы окутуу процессинде теориялык билимди азайтып окуучулардын маалымат менен өз алдынча иштөө, изилдөө жүргүзүү, көйгөлөрдү табуу жана чечүү, чыгармачыл жана продуктивдүү ишмердүүлүк жүргүзүү, айлана-чөйрө менен мамиле түзүү жөндөмдүүлүктөрүн/көндүмдөрүн калыптандырууга жардам берет.

Адам жана коом предмети – окуучуга бүгүнкү коомдогу адам менен адамдын, адам менен коомдун, жаран менен мамлекеттин ортосундагы социалдык жана саясий мамилелери, коомдогу моралдык жүрүш-туруш эрежелери, адамдын жана жарандын укуктары жана милдеттери, ж.б. тууралуу билим берет. Компетенттүүлүк мамилеге ылайык бардык берилген билим практикада колдонууга багытталган.

Окутуунун төмөнкү методдору колдонулат:

- салттуу методдо окуучу билим алуучу, китеп окуган, билгенин айтып берген субъект катары каралып, мугалимдин гана активдүүлүгү күтүлөт;

- активдүү методдо кабыл алуу, эске тутуу жана көңүл буруу процесстерине эле эмес, ой-жүгүртүү, баарлашуу жана чыгармачылык менен көнүгүүлөрдү аткарууга негизделет;

- интерактивдүү методдо мугалим багыт берүүчү, көзөмдөөчү гана функцияны аткарып, окуучу менен окуучу окуу процессинде өз ара бирге аракеттенет.

Практикалык ишмердүүлүк жана кайталоо сабактарында теориялык билимдерди жеке, жуптарда жана топтордо иштөө ыкмалары аркылуу бекемдөө сунушталат.

Белгиленген мазмундук багыттарга ылайык предметтин мазмуну төрт бөлүмгө жайгаштырылды:

1. Өзүн өзү таануу
2. Курчаган чөйрө
3. Ата салты – эне адеби
4. Маданий мурас
5. Мамлекет жана мен
6. Укук жана жоопкерчилик
7. Коопсуз өнүгүү
8. Финансылык сабаттуулук.

Ар бир бөлүмдү окутуунун өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар:

- биринчи бөлүмдө адамдын биосоциалдык өзгөчөлүктөрүнө, жеке инсандык касиеттерине жана сапаттарына басым жасалып, тапшырмалар жеке же жуптарда аткарууга багытталышы керек;

- экинчи бөлүмдө илимий концепцияларга таянган түшүнүктөр берилет. Берилген билимдер теориялык билимдер практикалык ишмердүүлүк менен бекемделиши зарыл;

- үчүнчү бөлүмдө үй-бүлө жана үй-бүлөлүк баалуулуктардан келип чыккан каада-салт, нарк, үрп-адаттарды окуп-үйрөнүү эске алынган. Бул бөлүмдөгү окуу материалдарын окуучунун жеке тажрыйбаларынан келип чыккан практикалык көндүмдөрүн калыптандыруу маанилүү;

- төртүнчү бөлүм улуттук маданий мурастар тууралуу окуу материалынан келип чыгып, окуучунун жергиликтүү руханий жана материалдык маданиятты дагы окуп-үйрөнүүгө, изилдөөгө басым жасалат;

- бешинчи жана алтынчы бөлүмдөр мамлекет жана мамлекеттин түзүлүшү, укук жана укуктук мамилелер, республикалык жана эл аралык нормативдик документтер менен иштөө: анализдөө, синтездөө, салыштыруу ж.б. ишмердүүлүк менен коштолот;

- жетинчи бөлүм коопсуздук көндүмдөрүн калыптандыруу аркылуу коопсуз чөйрөнү түзүү жана жашоо процессин эске алып, практикалык имшердүүлүктү адистер менен бирге өткөрүү сунушталат;

- сегизинчи бөлүм теориялык маалыматтарды жуптарда жана топтордо иштөө менен компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга басым жасалат.

Ошондой эле, окутуу процессинде ролдук оюн, топтордо иштөө, презентация ж.б. ыкмалар колдонулуп, адистер менен жолугушуу, экскурсия уюштурса болот.

## 3. «АДАМ ЖАНА КООМ» ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУН ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАНДАШТЫРУУ

**1-таблица.**

**6-КЛАСС**
**(жумасына 2 саат, жылына 68 саат)**

| Мазмундук багыт | Тематикалык бөлүмдөр | Мазмун | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| | | **Киришүү (1 с.)** | |
| СОЦИАЛДАШУУ | **ӨЗҮН ӨЗҮ ТААНУУ (5 с.)** | Индивид жана анын белгилери. Адам биосоциалдык жандык катары.<br>Адам жана аны курчаган чөйрөсү<br>Адам өзүн кантип таанып-билет.<br>Өзүн өзү таануунун маанилүүлүгү<br>Өз ара мамилелердин ар түрдүүлүгү жана түрлөрү | - Адамдын биосоциалдык бүтүндүгүн түшүнөт;<br>- адамдын өзүн курчаган чөйрөдө ишмердүүлүк жүргүзүүсүн анализдейт;<br>- өзүн өзү таанып-билүүнүн маанилүүлүгүн жана жолдорун айтып берет;<br>- адамдын өнүгүүсүнө билим алуунун тийгизген таасирин анализдейт;<br>- адамдар ортосундагы өз ара мамилелердин ар түрдүүлүгүн талкуулайт |
| | **КУРЧАГАН ЧӨЙРӨ (7 с.)** | Коом жана коомдук нормалар.<br>Коомдук нормалардын түрлөрү.<br>Коомдогу социалдык ар түрдүүлүк.<br>Калктын социалдык жактан аялуу катмары.<br>Кыргызстандагы жана дүйнөдөгү көп түрдүүлүк.<br>Билим алуунун маанилүүлүгү.<br>Маалыматтык сабаттуулук жана медиасабаттуулук | - Коомдук нормалар жана чектөөлөрдү билет, алардын негизинде өзүнүн иш-аракетин уюштурат;<br>- адамды курчаган чөйрө, “жергиликтүү коом” түшүнүктөрүнүн маанисин ачып берет;<br>- майыптыгы бар адамдар жөнүндө маалыматка ээ болуп, алар менен толеранттуу мамиле түзө алат;<br>- коомдо жана мектепте башкалардын укуктарын сыйлоо менен өз ара аракеттенет;<br>- маданий көп түрдүүлүктү, социалдык жана курактык топторду баяндап берет;<br>- маалыматтын түрлөрү менен иштөө аркылуу маалыматтык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | сабаттуулук көндүмдөрүн калыптандырат |
| **УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР** | **АТА САЛТЫ – ЭНЕ АДЕБИ (7 с.)** | Үй-бүлө – улуттук дөөлөт.<br>Үй-бүлөлүк баалуулуктар, каада-салттар жана жөрөлгөлөр.<br>Үй-бүлөдөгү өз ара мамиле.<br>Адеп-ахлактык баалуулуктар жана нормалар. Адеп-ахлактын башка социалдык нормалар менен байланышы. | - Үй-бүлөлүк баалуулуктардын, каада-салттардын жана өз ара мамилелердин адамдын өнүгүүсү үчүн маанилүүлүгүн тушүнөт;<br>- окуучу, үй-бүлө мүчөсү катары өзүнө карата, коомчулукка, досторуна, мектепке карата өзүнүн идентификациясын түзөт;<br>- өзүн этностук белгилерине карап идентификациялайт;<br>- адеп-ахлактык нормаларды башка социалдык нормалар менен салыштырып, айтып бере алат |
| | **МАДАНИЙ МУРАС (6 с.)** | Менин шаарымдын/айылымдын социалдык жана маданий портрети.<br>Улуттук дөөлөттөрдү сактоо жана өнүктүрүү. Улуттук дөөлөттөрдүн түрлөрү.<br>Материалдык жана руханий мурас.<br>Улуттук майрамдар жана жөрөлгөлөр. | - Өзү жашаган шаардын/айылдын социалдык жана маданий портретин түзө алат;<br>- улуттук дөөлөттөрдү сактоо жана өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн аңдап-билет;<br>- материалдык жана руханий мурастардын улуттук иденттүүлүктүн калыптануусуна тийгизген таасирин жана аларды сактоо менен өнүктүрүүнүн баалуулугун айтып берет |
| **АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИГИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ** | **МАМЛЕКЕТ ЖАНА МЕН (8 с.)** | Кыргыз жараны. Улуттук иденттүүлүк түшүнүгү. Жаран менен мамлекеттин өз ара ишмердүүлүгү.<br>Мамлекет жана Ата Мекен түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы.<br>Жүрүм-турум эрежелери.<br>Менин иш-аракетим – менин жоопкерчилигим.<br>Жеке жоопкерчилик (үй-бүлөдө, мектепте, коомдо).<br>Жарандардын тең укуктуулугу. Тең | - Кыргыз жараны катары улуттук иденттүүлүктү калыптандыруудагы ордун билет;<br>- мамлекет түшүнүгүнө ээ болуп, мамлекет менен жарандын ортосундагы укуктук мамилелерди айтып берет;<br>- адамдын жана жарандардын укуктарын аныктайт;<br>- өзүнүн иш-аракетине жоопкерчиликтүү болууну үйрөнөт;<br>- жарандардын тең укуктуулугу түшүнүгүн чечмелеп, айтып бере алат;<br>- коомдук тартиптин сакчылары кимдер, алардын милдеттерин билет жана кайрыла алат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | укуктуулуктун эл аралык стандарттары.<br>Мыйзамдуулук жана тартип.<br>Коомдук тартипти сактоонун негизги структуралары. | |
| | **УКУК ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК (8 с.)** | Адам укуктары түшүнүгүнүн тарыхы.<br>Адам укуктарын сактоонун зарылдыгы.<br>Адам укуктары, эркиндиктери жана Мен.<br>Адам укуктарынын декларациясынын негизги принциптери.<br>Адам укугунун негизиндеги баалуулуктар (адамдык кадыр-барк, эркиндик, теңдик, адилеттүүлүк). | - Адам укуктары түшүнүгү жана Адам укугунун декларациясынын түзүлүү тарыхын анализдеп, жооп бере алат;<br>- адам укуктарын бузбоо үчүн жооптуу жүрүм-турумдун үлгүлөрүн көрсөтөт;<br>- укуктук нормаларды сактоонун маанилүүлүгүн билет жана аларды күнүмдүк жашоодо колдонот;<br>- адам укугунун негизиндеги баалуулуктарды түшүндүрөт;<br>- баланын укуктарынын конвенциясы боюнча өзүнүн укуктарын билет жана аны жоопкерчилик менен байланыштыра алат. |
| **ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗДУК** | **КООПСУЗ ӨНҮГҮҮ (7 с.)** | Жеке чектер – жеке коопсуздуктун башаты.<br>Дени сак жашоо. Ден соолуктун жана узак жашоонун шарттары.<br>Зыяндуу адаттардын, таксикоманиянын коркунучтары.<br>Жолдо жүрүүнүн эрежелери.<br>Социалдык, техногендик, табигый кырсыктар. Өзгөчө кырдаалда өзүн алып жүрүүнүн эрежелери.<br>Маалыматты иштетүүнүн коопсуздугу. | - Жеке чектер, аны сактоонун негизги эрежелерин билет жана колдоно алат;<br>- дени сак жашоонун негиздерин өздөштүрүп, тазалыктын маанилүүлүгүн түшүндүрөт;<br>- укук качан бузуларын, жеке жана коомдук коопсуздукка коркунуч качан пайда болорун, бул маанилүү маселелерди ким жана качан чечерин аныктайт;<br>- өзгөчө кырдаалда коопсуздукту сактоонун, өзүн алып жүрүүнүн эрежелерин билет;<br>- уюлдук телефон аркылуу келген интернеттин оң жана терс таасирлерин анализдеп, чечим чыгара алат |

<table>
<tr><td></td><td>ФИНАНСЫ ЛЫК САБАТТУУ ЛУК (6 с.)</td><td>Экономика жана экологиянын өз ара байланышы. Экономиканын экологияга тийгизген таасири.<br>Туруктуу өнүгүүнүн 17 максаты.<br>Жашыл экономика жана анын өзгөчөлүктөрү. Жашыл экономикага мен кандай салым кошо аламын.<br>Үй-бүлөлүк чарбанын ресурстары.<br>Үй-бүлөлүк чарбаны жүргүзүүдөгү жашыл керектөөнүн эрежелери.<br>Үнөмдөө жана топтоо.<br>Акча жана банк системасы. Акчанын туруктуулугу эмне үчүн маанилүү?<br>Улуттук валютанын өзгөчөлүктөрү.</td><td>- Экология жана экономика бири-бири менен байланыштуу экенин түшүнүп, ресурстарды үнөмдөө маанилүү экенин билет<br>- жашыл экономиканын керектөөнүн маанисин билет жана элементтерин колдоно алат;<br>- жашыл керектөөнүн үй-бүлө жана айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин түшүндүрөт;<br>- үй-бүлөлүк чарбада экологиялык ыкмаларды колдонуу жолдорун жана жашыл керектөө эрежелерин колдонуунун жолдорун пландап айтып берет;<br>- айлана-чөйрөгө тийгизилген зыянды аны калыбына келтирүүгө сарпталган чыгымдар менен салыштырат;<br>- үнөмдөө жана сарамжалдуу пайдалануунун жолдорун билет, жоопкерчиликтүү жана жашыл керектөө адатын өздөштүрөт;<br>- акча жана банк системасы, улуттук валюта боюнча баштапкы маалыматтарды анализдеп, айтып бере алат</td></tr>
<tr><td colspan="3">Практикалык ишмердүүлүк сабактары (8 с.)</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">Чейректик кайталоо (4 с.)</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">Жылдык кайталоо (1 с.)</td><td></td></tr>
</table>

**2-таблица**

**7-КЛАСС**
**(жумасына 2 саат, жылына 68 саат)**

| Мазмундук багыт | Тематикалык бөлүмдөр | Мазмун | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| **Киришүү (1 с.)** | | | |
| **СОЦИАЛДАШУУ** | **ӨЗҮН ӨЗҮ ТААНУУ (5 с.)** | Индивидуалдуулук жана анын өзгөчөлүктөрү.<br>Мүнөз, темперамент, жөндөмдүүлүк.<br>Адамдын мүмкүнчүлүктөрү жана алардын түрлөрү. Кызыкчылыктар жана муктаждыктар.<br>Баалуулук түшүнүгү. Адамдын жашоосундагы баалуулуктар жана алардын түрлөрү.<br>Адамдар аралык мамиле – социалдык муктаждык катары. Адамдар арасындагы өз ара мамиленин типтери, формалары жана деңгээлдери. | - Индивидуалдуулук түшүнүгүн жана адамдын уникалдуулугун аныктаган өзгөчөлүктөрдү билет;<br>- “темперамент”, “мүнөз”, “жөндөмдүүлүк” түшүнүктөрүнө аныктама берип, анализдей алат;<br>- бул сапаттардын адамдын жүрүм-турумуна тийгизген таасирин түшүнөт;<br>- өз мүмкүнчүлүктөрүн таанып, өнүктүрүүгө багыт алат;<br>- мүмкүнчүлүктөргө таасир этүүчү кызыкчылыктар жана муктаждыктарды мисалдар менен айтып бере алат;<br>- адамдын жашоосундагы баалуулуктар жана алардын ролун билүү менен өзүнүн баалуулуктарын аныктай алат<br>- инсандар аралык мамилелерге жардам берген жана тоскоол болгон сапаттарды аныктайт |
| | **КУРЧАГАН ЧӨЙРӨ (7 с.)** | Коомдогу топтор. Топтордун жана кызыкчылыктардын ар түрдүүлүгү.<br>Лидер түшүнүгү.<br>Коомдук көзөмөл.<br>Инклюзия жана тең мүмкүнчүлүктөр коому. Инклюзия түшүнүгү.<br>Гендердик теңдик түшүнүгү.<br>Коомдогу жана үй-бүлөдөгү | - коомдогу топтордун жана кызыкчылыктардын ар түрдүүлүгүн салыштырып, айтып берет;<br>- тең мүмкүнчүлүктөр коомун түзүүдө инклюзиянын маанилүүлүгүн түшүнөт жана түшүндүрө алат;<br>- гендердик теңдик түшүнүгүн айтып берет, тең укуктуулук жана мүмкүнчүлүктөрдүн маанисин билет;<br>- маданият жана маданияттын коомго тийгизген таасирин, маданияттын түрлөрүн, функцияларын анализдейт жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | гендердик теңдик.<br>Коомдун турмушуна маданияттын тийгизген таасири.<br>Интернет жана социалдык тармактар.<br>Медиасабаттуулук. Медиа-контентти колдонуунун маданияты жана этикасы. | чыгармачыл эмгек даярдайт;<br>- интернет жана социалдык тармактардын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин айтып бере алат, аларды колдонууда коопсуздук эрежелерин сактайт;<br>- медиа-контентти колдонуунун этикасын, эрежелерин билет жана колдонот, коопсуздукту сактоонун маанилүүлүгүн түшүнөт жана түшүндүрө алат |
| **УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР** | **АТА САЛТЫ – ЭНЕ АДЕБИ (7 с.)** | Үй-бүлө – коомдун уюткусу.<br>Үй-бүлөдөгү ролдор: милдеттер жана жоопкерчилик.<br>Кыргыз философиясындагы гендердик теңдик.<br>Жеке жана үй-бүлөлүк тарых (каада-салттар жана баалуулуктар). | - Коом менен үй-бүлөнүн өз ара ишмердүүлүгүн түшүнөт мисалдар менен түшүндүрүп бере алат;<br>- үй-бүлөнүн коомдогу маанисин жана ролун, үй-бүлө – тарбиянын, маданияттын, баалуулуктардын башаты экенин түшүнөт жана түшүндүрө алат;<br>- үй-бүлөдөгү ролдордун бөлүнүүсүн, айтып берет;<br>- кыргыз философиясында аял менен эркектин орду тууралуу түшүнүккө ээ болот;<br>- салттуу жана азыркы көз караштар аркылуу гендердик теңдик маселесин талдайт;<br>- өзүнүн үй-бүлөсүнүн тарыхы, салт-санаасы, мурастары тууралуу билет, үй-бүлөлүк баалуулуктарды түшүнөт жана колдонууга аракет кылат |
| | **МАДАНИЙ МУРАС (6 с.)** | Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар.<br>Руханий жана материалдык маданият.<br>Мамлекеттик тилдин ролу.<br>Кыргызстанда жашаган элдердин маданияты жана каада-салты, алардын өлкөнүн маданий мурасына | - Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды анализдеп, салыштырып, чыгармачыл эмгек даярдайт;<br>- улуттук дөөлөттөрдү: руханий жана материалдык баалуулуктарды билет, аларды сактоо жана өнүктүрүү боюнча эрежелерди карманат<br>- руханий маданият (адабият, тил, салт-санаа) менен материалдык маданияттын (архитектура, кийим, кол өнөрчүлүк) салыштырып, анализдеп, маданий баалуулуктарды коргоо жана сактоонун маанисин түшүнөт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кошкон салымы. | - мамлекеттик тилди үйрөнүүнүн жана сүйлөөнүн маанисин түшүнүп, өз оюн так жана туура айтып бере алат.<br>- Кыргызстанда жашаган улуттардын өлкөнүн маданий мурастарына кошкон салымын мисалдар менен айтып бере алат |
| **АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИГИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ** | **МАМЛЕКЕТ ЖАНА МЕН (8 с.)** | Мамлекет жана анын негизги белгилери. Мамлекеттин механизмдери жана бийликтин бөлүнүшү. Адам укуктары жана КРнын Конституциясы.<br>Мыйзамдардын системасы.<br>Саясий режимдер: демократия, тоталитардык жана авторитардык.<br>Көп түрдүү коом үчүн демократия.<br>Мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы мамилелер.<br>Социалдык нормалар жана жоопкерчилик.<br>Мыйзам жана анын функциялары.<br>Укуктук маселелерди чечүү тартиби | - Кыргыз жараны катары өзүнүн иденттүүлүгүн таанып-билет;<br>- өзүнүн милдеттерине ылайык жоопкерчиликтүү аракеттенет жана социалдык долбоорлорго активдүү катышат;<br>- мамлекеттин негизги белгилерин түшүндүрөт (аймак, калк, бийлик, суверенитет ж.б.), мамлекеттин коомдогу ролун жана маанисин талдайт;<br>- бийликтин бөлүнүшүнүн принциптерин, ролун түшүндүрөт;<br>- Кыргыз Республикасынын Конституциясындагы Адам укуктарынын элементтерин талдайт, Конституцияда бекитилген негизги укук жана милдеттерди атайт;<br>- мыйзамдардын түзүлүшүн жана укуктук системадагы маанисин түшүндүрөт;<br>- ар түрдүү саясий режимдердин өзгөчөлүктөрүн салыштырып, демократиялык түзүлүштүн артыкчылыктарын айтып берет;<br>- өз ара мамилелерде демократиянын принциптерин сактайт;<br>- мамлекет менен жарандык коомдун кызматташуу жолдорун талдайт;<br>- социалдык нормалардын коомдогу ролун, жоопкерчиликтин маанисин жана анын укуктук жактарын түшүндүрөт;<br>- айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле жасайт;<br>- мыйзамдардын коомдогу тартипти сактоодогу ролун талдайт;<br>- укуктук маселелерди чечүүнүн негизги этаптарын түшүндүрөт;<br>- жаран катары өз укуктарын коргоо жолдорун билет. |
| | **УКУК** | Укук менен салттын өз ара | - Укук менен салттын айырмасын жана өз ара байланышын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК (8 с.)** | байланышы. Укук жана укуктардын системасы.<br>Адам укуктары боюнча негизги эл аралык документтер. Адамдын укуктары жана эркиндиктери менен жарандын укуктары жана милдеттеринин байланышы.<br>Укуктук сабаттуулук жана нигилизм.<br>Укуктук маданият. | түшүндүрөт;<br>- коомдогу жүрүм-турум эрежелери укук жана салт аркылуу жөнгө салынаарын билет;<br>- укуктук системанын түзүмүн жана анын коомдогу ордун мисалдар менен айтып берет;<br>- негизги эл аралык укуктук документтерди, алардын адам укугун коргоодогу маанисин түшүндүрөт;<br>- адамдын жана жарандын укуктары менен милдеттеринин өз ара байланышын мисалдар менен айтып берет;<br>- укуктук сабаттуулук жана укуктук маданият түшүнүктөрүн салыштырып, талдайт;<br>- укуктук нигилизм жана анын терс таасирин билет. |
| **ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗДУК** | **КООПСУЗ ӨНҮГҮҮ (7 с.)** | Күндөлүк турмуштагы стереотиптердин ролу.<br>Буллинг – жеке коопсуздукту бузуу катары. Буллингдин түрлөрү жана коопсуздук чаралары.<br>Сергек жашоо образы.<br>Өзгөчө кырдаалдар.<br>Экстремизм жана терроризм коркунучу.<br>Коомдогу адамдын коопсуз жүрүм-туруму<br>Конфликт түшүнүгү. Конфликттин түрлөрү жана кесепеттери.<br>Конфликтти чечүүнүн жолдору.<br>Социалдык тармактар жана мессенджерлерди колдонуунун | - Коомдук жана жеке коопсуздук түшүнүгүн, алардын сактоонун маанилүүлүгүн жана эрежелерин билет;<br>- буллинг түшүнүгүн билет, анын түрлөрүн айырмалай алат;<br>- буллингдин коомдогу терс кесепеттерин жана ага катышуунун жоопкерчилигин түшүнөт;<br>- стереотип деген эмне экенин, алардын адамдарга тийгизген таасирин түшүндүрө алат, адамдарды сырткы көрүнүшүнө же жынысына карап баалабай, адилет мамиле кылууга аракеттенет;<br>- өз ден соолугуна кам көрүү жоопкерчилигин түшүнүп, күнүмдүк жашоодо сергек жашоо принциптерин колдонууга аракет кылат;<br>- өзгөчө кырдаал деген эмне экенин, өзгөчө кырдаалдагы коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билет<br>- жеке жана коомдук коопсуздук үчүн жоопкерчиликти түшүнөт жана туура аракет кылууну үйрөнөт;<br>- экстремизм жана терроризм түшүнүгүн билет, кооптуу абалда туура иш-аракеттерди жүргүзө алат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | коопсуздугу. | - адеп-ахлактык жана укуктук ченемдер менен жөнгө салынуучу деструктивдүү жүрүм-турумдун түрлөрүн анализдейт<br>- конфликт деген эмне экенин түшүнөт жана анын себептерин атай алат, өз ара түшүнүшүү жана сый мамилени сактоого аракеттенет;<br>- интернеттеги коопсуздук эрежелерин, алдамчылык, кибербуллинг сыяктуу коркунучтарды таанып, коргонуу ыкмаларын билет;<br>- социалдык тармактарда этикалык жана жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду карманат |
| | **ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУК (6 с.)** | Экономикалык ишмердүүлүк жана анын катышуучулары.<br>Базар жана анын коомго тийгизген таасири. “Сурам”, “сунуштоо”, “керектөөчүнүн сурамы жана стандарты” түшүнүктөрү.<br>Муктаждык жана керектөө. Кызмат көрсөтүү маданияты. Товар жана товардын айлампасы.<br>Менчик түшүнүгү, формалары жана түрлөрү.<br>Камсыздандыруу механизмдери | - Экономикалык ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүн атап, салыштырып, анализдей алат;<br>- жашыл керектөөнү улуттук өңүттөн колдонууну үйрөнөт<br>- базардын коомдогу ролун жана таасирин түшүндүрө алат, коомго тийгизген оң жана терс таасирлерине мисал келтирет;<br>- базардагы суроо-талап менен сунуштун байланышын анализдеп, айтып бере алат<br>- ишканалар жана уюмдар кандай товар же кызмат көрсөтөрүн, керектөөчүлөрдүн ролун жана укуктарын билет;<br>- менчик түшүнүгүн жана түрлөрүн (жеке, мамлекеттик, коомдук) мисал менен айтып берет;<br>- камсыздандыруу эмне экенин, негизги түрлөрүн билет:<br>- өзүн жана жакындарын коргоонун жолдорун үйрөнүү аркылуу финансылык коопсуздук түшүнүгү калыптанат |
| **Практикалык ишмердүүлүк сабактары (8 с.)** | | | |
| **Чейректик кайталоо (4 с.)** | | | |
| **Жылдык кайталоо (1 с.)** | | | |

**3-таблица**

**8-КЛАСС**
**(жумасына 2 саат, жылына 68 саат)**

| Мазмундук багыт | Тематикалык бөлүмдөр | Мазмун | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| **Киришүү (1 с.)** | | | |
| **СОЦИАЛДАШУУ** | **ӨЗҮН ӨЗҮ ТААНУУ (5 с.)** | Инсан жана анын түзүлүшү.<br>“Адам”, “индивид”, “индивидуалдуулук” түшүнүктөрү.<br>Кыргыз дүйнө таанымындагы “адам” – “инсан” түшүнүгү.<br>Инсандын калыптануусу. Инсандын социалдашуу процессине таасир тийгизген факторлор.<br>Инсандан жаранга карай. “Инсан” жана “жаран” түшүнүктөрүнүн өз ара байланышы.<br>“Мен-Концепция” түшүнүгү, анын компоненттери жана формалары.<br>Адамдын ишмердүүлүгүнүн түрлөрү. Баарлашуу жана анын өзгөчөлүктөрү | - “Адам”, “индивид”, “инсан” түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берип, анализдейт;<br>- мен-концепция, анын түзүмдүк компоненттерин атай алат, адамдарга карата сабырдуулук жана сый-урмат маанилүү экендигин билет;<br>- инсандын калыптануусуна таасир тийгизген факторлорду айтып бере алат;<br>- инсан менен жаран түшүнүктөрүнүн өз ара байланышын жана сапаттарын анализдеп, жооп берет;<br>- “Мен-концепция” түшүнүгүн, өзүн өзү баалоо, кабыл алуу жана өзүн өзү өнүктүрүү жөндөмдөрүн талдайт;<br>- адам ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн салыштырып, мисалдар менен айтып берет;<br>- баарлашуунун негизги формаларын жана өзгөчөлүктөрүн түшүндүрөт;<br>- адамдын социумда өнүгүп, калыптануусун түшүндүрүп берет. |
| | **КУРЧАГАН ЧӨЙРӨ (7 с.)** | Коомдун структурасы.<br>Коомдук институттар. Социалдык мобилдүүлүк.<br>Коомдук мамилелер жана анын түрлөрү.<br>Коомдун маданий ар түрдүүлүгү. | - Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин адеп-ахлактык баалуулуктар, жакшы жана жаман позициясынан баалайт;<br>- коомдун түзүлүшүн жана анын негизги элементтерин түшүндүрөт<br>- коомдук институттарды жана алардын функцияларын билет;<br>- **с**оциалдык мобилдүүлүктүн түрлөрүн жана себептерин айтып |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Маданий көп түрдүүлүктүн формалары.<br>Дин – социалдык институт катары.<br>Диндин функциялары жана түзүлүшү.<br>Санариптик сабаттуулук жана санариптик компетенттүүлүк түшүнүгү.<br>Интернеттин негизги өзгөчөлүктөрү. Пикир жана факт.<br>Фейктер, тастыкталбаган маалыматтар. | берет;<br>- коомдук мамилелердин коомдук жашоодогу маанисин түшүндүрөт;<br>- ар түрдүү маданий көрүнүштөрдү жана алардын формаларын айтып бере алат;<br>- диндин социалдык институт катары ордун, негизги функцияларын жана түзүлүшүн түшүндүрөт;<br>- санариптик чөйрөдө коопсуз жүрүм-турум эрежелерин билет;<br>- интернеттин негизги өзгөчөлүктөрүн жана анын таасирин түшүндүрөт;<br>- санариптик ресурстар менен иштөөдө маалыматты издөө, талдоо жөндөмдөрүн өнүктүрөт;<br>- пикир менен фактты айырмалап, маалыматты сын көз караш менен баалоого үйрөнөт;<br>- фейк маалыматтардын белгилерин жана зыяндуу таасирин билет<br>- маалыматты тастыктоо жана ишенимдүү булактардан пайдалануу жөндөмдөрү калыптанат. |
| **УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР** | **АТА САЛТЫ – ЭНЕ АДЕБИ (7 с.)** | Коом менен үй-бүлөнүн өз ара аракетенүүсүнүн негизги багыттары.<br>Заманбап үй-бүлөнүн түрлөрү жана функциялары.<br>Үй-бүлөлүк каада-салттар аркылуу социалдашуунун өзгөчөлүктөрү | - Үй-бүлө менен коомдун өз ара байланышын: коом үй-бүлөгө, үй-бүлө коомго кандай таасир тийгизерин түшүндүрөт;<br>- коомдогу өзгөрүүлөрдүн үй-бүлөгө тийгизген таасирин баалайт;<br>- үй-бүлөнүн заманбап түрлөрүн билет жана алардын өзгөчөлүктөрүн, негизги функцияларын айтып бере алат;<br>- үй-бүлөлүк каада-салттардын социалдашуудагы маанисин түшүндүрөт;<br>- үй-бүлөдө берилүүчү тарбия менен каада-салттарды салыштырып, алардын коомго тийгизген таасирин талдайт. |
| | **МАДАНИЙ МУРАС (6 с.)** | Улуттук дөөлөттөр жана баалуулуктар, алардын муундан- | - Улуттук дөөлөттөр жана баалуулуктардын өз ара байланышын талдайт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | муунга эпос, уламыш, элдик чыгармачылык аркылуу өтүүсү.<br>Коомдун материалдык жана руханий маданиятынын ар түрдүүлүгү жана алардын өз ара байланышы. | - эпос, уламыш, элдик чыгармачылык аркылуу баалуулуктардын берилишин түшүнөт;<br>- маданий мурастын улуттун биримдигиндеги жана тарбиядагы ролун түшүндүрөт;<br>- улуттук баалуулуктарды сактоонун жана муундан-муунга өткөрүүнүн маанисин айтып берет;<br>- материалдык жана руханий маданияттын айырмасын жана байланышын талдайт;<br>- өз маданиятына болгон сый-урматын жана таандыктыгын көрсөтөт. |
| **АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИГИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ** | **МАМЛЕКЕТ ЖАНА МЕН (8 с.)** | - Адам укугун коргоо боюнча мамлекеттин жоопкерчилиги.<br>- Акыйкатчы институту (Омбудсмен).<br>- Укуктук мамлекеттин негиздери, белгилери жана принциптери.<br>- Укук жана мыйзам үстөмдүгү.<br>- Жарандык активдүүлүк жана коомдук жашоого катышуу.<br>- Мамлекет менен адамдын жана коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салуу.<br>- Адамдар ортосундагы чыр-чатактарды жөнгө салуучу укуктук институттар (формалдуу жана формалдуу эмес).<br>- Демократиялык мамлекеттин түзүлүш принциптери (укуктун | - Адам укуктарын сактоо жана коргоо боюнча мамлекеттин жоопкерчилигин айтып берет;<br>- Акыйкатчы институтунун максатын жана милдетин, жарандардын укуктарын коргоодо акыйкатчынын ролун түшүндүрөт;<br>- укуктук мамлекет түшүнүгүн жана негизги белгилерин билет;<br>- мыйзам үстөмдүгүнө жана адам укуктарынын корголушуна багытталган башкарууну түшүнөт;<br>- мыйзам бардык жарандарга жана бийликке бирдей таасир этерин түшүнөт;<br>- мамлекет, адам жана коом укуктук мамиленин субъекттери жана объекттери экенин түшүндүрөт;<br>- укуктук мамилелерде ролун жана жоопкерчилигин билет;<br>- чыр-чатактарды жөнгө салуунун формалдуу (мыйзамдуу) жана формалдуу эмес (салттуу, коомдук) ыкмаларды айырмалап түшүндүрөт;<br>- демократиялык мамлекеттин негизги принциптердин жарандардын укуктарын жана коомдук туруктуулукту камсыздоодогу маанисин түшүндүрөт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | үстөмдүгү, бийликтин бөлүнүшү, тандоо эркиндиги, азчылыктын укугун коргоо жана саясий плюрализм).<br>- Жарандык жоопкерчилик. | - өз жарандык позициясын билдирүүгө жана укуктарын жоопкерчилик менен пайдаланууга үйрөнөт. |
| | **УКУК ЖАНА ЖООПКЕРЧ ИЛИК (8 с.)** | - Моралдык жана юридикалык жоопкерчилик түшүнүгү.<br>- Айлана-чөйрөнү коргоонун жоопкерчилиги.<br>- Адамдын экономикалык, социалдык жана маданий укуктары.<br>- Укуктук жөндөмдүүлүк жана иш-аракетке жөндөмдүүлүк.<br>- Укук бузуу жана жоопкерчилик.<br>- Адамдын жарандык жана саясий укуктары. | - Моралдык жана юридикалык жоопкерчиликтин айырмасын салыштырып, талдайт;<br>- Айлана-чөйрөнү сактоо жана коргоо ар бир жарандын милдети экенин түшүнөт;<br>- коомдук жана мамлекеттик жашоодо активдүү жана жоопкерчиликтүү болууга умтулат;<br>- бак-дарактарды, парктарды жана токойлорду колдонуу жана коргоо, дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды коргоого байланыштуу маселелерди түшүндүрөт;<br>- Адамдын экономикалык, социалдык жана маданий укуктарынын таанып, коргоо жолдорун билет;<br>- укуктук жөндөмдүүлүк, иш-аракетке жөндөмдүүлүк жана эмансипация түшүнүктөрүн айырмалап айтып берет;<br>- жеке укуктук жоопкерчилик менен эркиндиктин байланышын салыштырып, анализдейт;<br>- ар кандай укук бузуулардын кесепеттерин жана жоопкерчилик чараларын билет;<br>- жоопкерчиликтүү жүрүм-турумду калыптандырууга умтулат. |
| **ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗД** | **КООПСУЗ ӨНҮГҮҮ (7 с.)** | Адамдын коопсуз жүрүм-туруму.<br>Толеранттуулук түшүнүгү.<br>Ден соолуктун жана психологиялык абалдын сактыгы.<br>Коопсуздук эрежелери (жолдо | - Коопсуз жүрүм-турум түшүнүгүн билет жана аны турмушунда колдонот;<br>- кооптуу кырдаалдарды алдын алуу боюнча негизги эрежелерди түшүндүрөт;<br>- өзүнүн жана башкалардын коопсуздугуна жоопкерчиликтүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жүрүүдөгү, суудагы, муздагы, чоочун жердеги коопсуздук).<br>Экстремизм жана терроризмге каршы туруунун негиздери.<br>Санариптик керектөө коопсуздугу жана интернет гигиена. | мамиле жасап, өзүн жана башкаларды коргоо үчүн кырдаалга жараша туура чечим кабыл алат;<br>- коомдо сабырдуулукту жана өз ара түшүнүшүүнү калыптандырууга умтулат;<br>- дене жана психикалык ден соолукту сактоонун маанисин түшүнүп, дени-сак жашоо образын калыптандырууга аракеттенет;<br>- экстремизм жана терроризмге каршы туруудагы жарандык жоопкерчиликти түшүнөт;<br>- интернетти коопсуз жана жоопкерчиликтүү пайдалануу эрежелерин билет жана колдонот. |
| | **ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУК (6 с.)** | Экономикалык жоопкерчилик: керектөө экологиясы. Салык сабаттуулугу.<br>Милдеттүү төлөмдөр жана алардын түрлөрү.<br>Ишкердик түшүнүгү. Ишкердик, стартап жана инновациялык бизнес.<br>Менеджмент жана маркетинг.<br>Бизнес-стратегия.<br>Иновациялык бизнес.<br>Эмгек базары жана жумушсуздук.<br>Инвестициялоонун принциптери жана каражаттары. | - Экономикалык жоопкерчилик түшүнүгүн жана түрлөрүн анализдейт;<br>- керектөөчү катары өзүнүн укуктарын жана жоопкерчилигин, керектөө адаттарынын экологияга тийгизген таасирин билет;<br>- милдеттүү төлөмдөрдү, алардын кайда жана эмне үчүн колдонуларын түшүндүрөт;<br>- ишкердиктин коомго жана экономикага тийгизген таасирин талдап, чыгармачыл эмгек даярдайт;<br>- менеджмент жана маркетинг негиздерин билет;<br>- жеке жана топ менен бизнес-стратегия түзө алат;<br>- жаңы ойлор, технологиялар жана чечимдер аркылуу ишкердикти өнүктүрүүнүн маанисин түшүнөт;<br>- эмгек базарынын түзүлүшүн жана жумушсуздук себептерин жана кесепеттерин билет;<br>- инвестиция түшүнүгүн жана анын максатын билет. |
| **Практикалык ишмердүүлүк сабактары (8 с.)** | | | |
| **Чейректик кайталоо (4 с.)** | | | |
| **Жылдык кайталоо (1 с.)** | | | |

**4-таблица**

**9-КЛАСС**
**(жумасына 2 саат, жалпы 68 саат)**

| Мазмундук багыт | Тематикалык бөлүмдөр | Мазмун | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| **Киришүү (1 с.)** | | | |
| **СОЦИАЛДАШУУ** | **ӨЗҮН ӨЗҮ ТААНУУ (5 с.)** | Иденттүүлүк түшүнүгү жана түрлөрү. Кыргыз жараны – улуттук иденттүүлүктүн образы.<br>Адистик иденттүүлүк жана инсандын кесиптик багыты.<br>Өзүн өзү таануу жана анын инсандын өнүгүүсүндөгү ролу.<br>Инсандын эркиндиги, мүмкүнчүлүктөрү жана чектөөлөрү. | - Иденттүүлүк (өзүн ким экенин таануу) түшүнүгүн жана анын негизги түрлөрүн түшүндүрөт (жеке, улуттук, жарандык, социалдык ж.б.);<br>- Кыргыз жараны катары улуттук иденттүүлүктү калыптандыруучу баалуулуктарды (салт, тил, тарых, маданият) билет;<br>- адистик иденттүүлүк деген эмне экенин жана анын инсандык өнүгүүгө тийгизген таасирин түшүндүрөт;<br>- кесиптик багытты тандоодо – өзүнүн потенциалын ачуу жана коомго пайда келтирүү жолундагы маанилүү кадамдарды талдайт;<br>- өзүн өзү таануу процессинде өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын талдай билет;<br>- инсандын эркиндиги менен жоопкерчилигинин байланышын түшүндүрөт;<br>- коомдук эрежелер менен жеке эркиндиктин ортосундагы тең салмактуулукту билет. |
| | **КУРЧАГАН ЧӨЙРӨ (7 с.)** | Коомдук нормалар жана көзөмөл.<br>Коомдук нормалардын түрлөрү.<br>Девианттуу жана делинквенттик жүрүм-турум. Позитивдүү девиация.<br>Көп түрдүүлүк жана дискриминация. Коом менен | - Коомдогу социалдык ролун, жеке жана коомдук баалуулуктарын аныктайт;<br>- коомдук тартипти сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүп, өзүнүн иш-аракеттерине жоопкерчиликти алганды билет;<br>- коомдук тартипти сактоодо нормалардын маанисин түшүндүрөт;<br>- девианттуу жана делинквенттик жүрүм-турумдун айырмасын салыштырып, анализдейт; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мыйзам алдындагы теңдик.<br>Медианын коомдогу орду.<br>Маалымат мейкиндигиндеги негизги көндүмдөр жана жоопкерчилик. | - коомдук нормадан четтөөнүн себептерин жана кесепеттерин билет;<br>- коомдогу көп түрдүүлүктүн табигый жана маанилүү көрүнүш экенин түшүнөт;<br>- дискриминациянын белгилерин, формаларын жана зыяндуу таасирин билет.<br>- теңдик принциптери аркылуу адилеттүү коом түзүлөрүн билет;<br>- медианын коомдук пикирди калыптандыруудагы таасирин, жоопкерчиликтүү маалымат таратуу жана кабыл алууну түшүндүрөт;<br>- медианын терс жана позитивдүү таасирин талдап, жалган маалыматты таануу жана сынчыл-ой жүгүртүү, санариптик жоопкерчилик көндүмдөрүнө ээ болот |
| **УЛУТТУК НАРК ЖАНА БААЛУУЛУКТАР** | **АТА САЛТЫ – ЭНЕ АДЕБИ (7 с.)** | Үй-бүлө – социалдык институт катары.<br>Үй-бүлөнүн улуттук баалуулуктары, каада-салтты сактоодогу ролу. Улуттук жана жарандык иденттүүлүктү калыптандыруудагы үй-бүлөнүн таасири жана ролу. | - Социалдык институт катары үй-бүлөнүн коомдогу ордун жана маанисин түшүндүрөт;<br>- үй-бүлө улуттук каада-салттарды, үрп-адаттарды муундан-муунга өткөрүүчү негизги чөйрө экенин билет;<br>- үй-бүлө аркылуу берилүүчү улуттук баалуулуктардын маанисин түшүнөт;<br>- салтты сактоо менен заманбап жашоонун ортосундагы тең салмактуулукту талдайт;<br>- үй-бүлө улуттук жана жарандык иденттүүлүктүн баштапкы булагы экенин түшүндүрөт;<br>- жакшылык жана жамандык, адептүүлүк көз карашынан баарлашуу жана жүрүм-турум эрежелерин колдонот |
| | **МАДАНИЙ МУРАС (6 с.)** | Баалуулуктар жана маданияттар диалогу.<br>Руханий жана светтик маданият. | - маданияттар аралык диалог аркылуу толеранттуулук жана ынтымакты бекемдөөгө умтулат;<br>- жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды айырмалай |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кыргызстандын көрүнүктүү инсандары жана алардын өлкөнүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири. | билет;<br>- ар түрдүү маданияттардын өз ара түшүнүшүү жана ынтымакта жашоо үчүн маанисин түшүнөт;<br>- руханий (дин, адеп-ахлак, салт) жана светтик (илим, искусство, билим ж.б.) маданияттын ортосундагы айырманы түшүндүрөт;<br>- маданияттын коомдук жашоого тийгизген оң таасирин билет;<br>- Кыргызстандын тарыхында, маданиятында, илим-билим тармагында өзгөчө салым кошкон инсандарды билет;<br>- алардын идеялары, эмгеги жана ишмердүүлүгү өлкөнүн өнүгүшүнө кандай таасир эткенин түшүндүрөт. |
| **АДАМДЫН УКУГУ, ЭРКИНДИГИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ** | **МАМЛЕКЕТ ЖАНА МЕН (8 с.)** | - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшү. Мамлекеттин башкаруу механизмдери.<br>- Мыйзам чыгаруу процесси.<br>- Аткаруу бийлиги жана анын түзүлүшү.<br>- Сот системасы жана сот акыйкаттыгы түшүнүгү.<br>- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.<br>- Жарандардын чечимдерди кабыл алууга жана мамлекетти башкарууга катышуу процесси.<br>- Демократиялык шайлоолор жана шайлоо системасы. | - “Кыргыз жараны” – жарандык иденттүүлүк, бул адамдын ички дүйнөсүнүн жана коомдун таасирлеринин ортосундагы тең салмакты табуу аркылуу ишке ашкан процесс экендигин түшүнөт;<br>- мамлекет жана укук түшүнүктөрүн жөнөкөй тил менен түшүндүрөт;<br>- мамлекеттик бийликтин негизги бутактарын жана алардын өз ара байланыштарын, функцияларын жана милдеттерин билет;<br>- мыйзам чыгаруу процессин, жаран катары мыйзам чыгаруу процессине кандайча таасир этүүгө болорун айтып берет;<br>- аткаруу бийлигинин түзүмүн жана негизги органдарын, жарандар менен аткаруу бийлигинин ортосундагы байланышты түшүндүрөт;<br>- Кыргызстандын сот системасынын түзүмүн, ар бир жаран адилет сот коргоосуна укуктуу экенин билет;<br>- ЖӨБ органдарынын милдеттерин жана өз ара аракеттенүү ыкмаларын айтып берет;<br>- шайлоонун негизги принциптерин, шайлоого катышуунун жарандык милдет жана укук экенин билет;<br>- Эл аралык укук системасындагы адам укугун коргоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | механизмдерин түшүндүрөт. |
| | **УКУК ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК (8 с.)** | - Адам укугунун жана жарандын Конституциялык жана эл аралык кепилдиги жана коргоо механизмдери.<br>- Майыптыгы бар адамдардын, мигранттардын жана башка аярлуу топтордун укуктарын коргоо.<br>- Адам укугу жана эркиндиги менен коопсуздук жана жоопкерчиликтин байланышы.<br>- Ой-пикир билдирүү эркиндиги жана медиадагы жоопкерчилик. | - Адам укугу жана эркиндиги ар бир адамга таандык негизги баалуулуктар экенин түшүндүрөт;<br>- эркиндик жеке жоопкерчилик жана коомдук коопсуздук менен байланыштуу экенин билет;<br>- коомдо укуктук жоопкерчилик жана эркиндик ортосундагы тең салмактуулукту сактоого умтулат;<br>- медиада жана коомдук мейкиндикте маалымат таратууда жоопкерчилик болушу керек экенин билет;<br>- жалган маалымат, жек көрүү сөзү же кемсинтүү сыяктуу көрүнүштөрдүн кесепеттерин түшүнөт;<br>- жоопкерчиликтүү жана этикага ылайык ой-пикир айтууга үйрөнөт. |
| **ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА КООПСУЗДУК** | **КООПСУЗ ӨНҮГҮҮ (7 с.)** | Коомдук жана мамлекеттик коопсуздук.<br>Өзгөчө кырдаалдар (Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган).<br>Социалдык, биологиялык, табигый жана техногендик кооптуу абал.<br>Өз ара мамилелердеги гендердик теңдик жана коопсуз мамиле.<br>Глобалдык дүйнөдөгү миграция.<br>Миграциядагы интеграция жана коопсуздук.<br>Маалымат жаратууда жана таркатууда жоопкерчиликтүү | - Өзүнүн өмүрүнө, ден соолугуна жооптуу мамиле кылып, зыяндуу адаттар ден соолукка кандай таасирин тийгизерин билет жана туура чечим кабыл алат;<br>- коомдук тартип жана коопсуз жашоонун шарттарын билет;<br>- өзгөчө кырдаалдардын (табигый, техногендик ж.б.) түрлөрүн билет;<br>- өзгөчө кырдаал маалында жарандардын жана жарандык коргонуу органдарынын ролун түшүндүрөт;<br>- кооптуу абалдардын негизги түрлөрүн айырмалайт жана жоопкерчиликтүү мамиле жасоону үйрөнөт;<br>- коопсуз, зомбулуксуз жана урматтоого негизделген мамиленин өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;<br>- миграция түшүнүгүн жана анын түрлөрүн (ички, тышкы) билет;<br>- миграциянын себептерин жана коомго тийгизген таасирин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мамиле.<br>Коррупция жана анын кесепеттери.<br>Коррупциянын түрлөрү жана формалары. | түшүндүрөт;<br>- маалыматты текшерүү, булагын аныктоо жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот;<br>- коррупция жеке адамдан башталып, мамлекеттик деңгээлге чейин жетерин жана анын коомго тийгизген терс таасирин түшүндүрөт. |
| | **ФИНАНСЫЛЫК САБАТТУУЛУК (6 с.)** | Мамлекеттин каржы системасы жана бюджети. Мамлекеттин экономикалык функциялары.<br>Мамлекеттин салык саясатынын маңызы.<br>Банк системасы жана банктык опрециялар.<br>Керектөө маданиятынын эрежелери.<br>Экономика чөйрөсүндөгү экологиялык маселелер.<br>Товарларды экологиялык маркерлөө. | - Мамлекеттик каржы системасынын негизги элементтерин түшүндүрөт;<br>- бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн айырмалай билет;<br>- мамлекеттин экономикадагы негизги ролун түшүнөт;<br>- экономикалык коопсуздук, туруктуу өнүгүүнүн эрежелерин билет<br>- салык төлөөнүн мыйзамдуулугу жана жарандык милдет экенин кабыл алат;<br>- банк системасын, банктык негизги кызматтарды билет;<br>- акча менен иштөөдө коопсуздукту жана жоопкерчиликти сактайт;<br>- керектөөчү катары өз укуктарын жана милдеттерин билет;<br>- арзан жана сапаттуу товарларды тандоодо анализ жүргүзө алат;<br>- экономика чөйрөсүндөгү экологиялык маселелерди  түшүндүрөт;<br>- экономикалык ишмердүүлүктүн айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин талдайт;<br>- экологиялык таза продукцияны тааный билет;<br>- жашоодо айлана-чөйрөгө зыянсыз товарларды тандоону колдонот;<br>- таштанды жана аны азайтуунун жолдорун жөнөкөй мисалдар менен айтып берет;<br>- улуттук экологиялык таза өнүмдөрдү тандоону жана аларды сарамжалдуу колдонууну үйрөнөт |
| **Практикалык ишмердүүлүк сабактары (8 с.)** | | | |
| **Чейректик кайталоо (4 с.)** | | | |
| **Жылдык кайталоо (1 с.)** | | | |

# 4. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

## 4.1. Баалоо

**Баалоо** – окуучулардын предметтик стандарт боюнча жетишкендиктеринин көрсөткүчү, компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун баскычтары.

Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартында баалоонун үч түрү белгиленген: диагностикалык, формативдик жана суммативдик.

**Диагностикалык баалоо** окуу жылынын башында окуу процессиндеги окуучулардын жетишкендигин баалоо үчүн жүргүзүлөт. Мугалим окуу жылынын ичинде окуучунун компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгын жыл башындагы жетишилген натыйжалар менен салыштырат. Бул процессте предметтик стандартта көрсөтүлгөн күтүлүүчү натыйжаларга таянуу керек.

**Формативдик баалоодо** окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээли эмес ал аткарган конкреттүү иш бааланат. Берилген тапшырмаларды жеке, жуптук жана топтук ишмердүүлүктө аткара алуусу, активдүү катышуусу, берген жыйынтыгы каралат. Баалоонун критерийлерин (упайларды) колдонсо болот.

**Суммативдик баалоо** окутуунун ар бир баскычы үчүн пландалган натыйжага окуучунун жетүү даражасын аныктоодо колдонулат. Баа журналга коюлат.

Диагностикалык баалоо мугалимдин жалпы класстын жана конкреттүү окуучунун жөндөмдүүлүгүнө жараша ишмердүүлүгүн уюштурууга жардам берет; формативдик баалоодо ар бир окуучунун окуу материалын өздөштүрүп, тапшырмаларды аткара алгандыгы жана компетенттүүлүгүнүн калыптангандыгы критерийлер аркылуу белгиленет; суммативдик баалоодо жалпы жыйынтык чыгарылып, баа журналга коюлат, чейректик, жылдык баа аныкталат.

Окуучуларды баалоо объективдүү болушу үчүн баалоонун критерийлерин пайдалануу сунушталат.

## 4.2. Баалоонун критерийлери

Критерийлер боюнча баалоо ар бир окуучунун ишмердүүлүгүн гана баалоого (бир окуучунун жообун/ишин башка окуучунун жообу/иши менен салыштырбай) мүмкүндүк берет. Окутуунун натыйжаларына карата алганда окуучунун окутулгандык деңгээлин аныктайт. Бул жерде ар бир окуучу тарабынан материалды өздөштүрүү деңгээли баалоонун критерийлерине жана тиешелүү күтүлгөн натыйжаларга жараша бааланат.

Окуучунун окуудагы жетишкендиктерин баалоонун критерийлеринин негизи болуп окутуудан күтүлүүчү натыйжалардын жыйынтык максаттары эсептелет.

Мындай баалоонун критерийлерин пайдаланууда окуу процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо ачык-айкын жана түшүнүктүү болот. Бул критерийлер обьективдүү баалоону камсыз кылат. Мындай баалоодо мугалим баалоонун критерийлери менен окуучуларды күн мурунтан тааныштыруусу керек. Ушундай учурда гана окуучулар ар бир тапшырмага түшүнүү менен мамиле кылышат, бул болсо кийинки жетишкендиктерге жетүүгө мүмкүндүк берет.

***Баалоонун жалпы критерийлери:***

- окуучунун жообу окуу программасына, окуу китебине дал келүүсү, стандартта белгиленген негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн элементтеринин болуусу;

- окуучу теманы өздөштүрүп, жалпы жана жекече факторлорду, окуяларды, процесстерди ж.б. эстеп калат, аларды айтып бере алат;
- окуучу оюн толук, так түшүндүрүп, фактыларды, эрежелерди, принциптерди түшүндүрүп бере алат, чечмелейт, аныктайт, тактайт;
- окуучу, логикалык суроолорду берип, топтук иштерге активдүү катышып, кырдаалга жалпы принциптерди, түшүнүктөрдү ылайык келтирет, турмуштук кырдаалда пайдаланат;
- маалыматты бөлүктөргө ажыратат, тезистеги маанилүү фактыларды, гипотезаларды аныктайт, кырдаалдагы маанилүү жана маанилүү эмес фактылардын чегин ажыратат;
- белгилүү бөлүктөрдүн негизинде бүтүндүктү (маалыматты, планды, иш-чараларды) жаратат, бөлүктөрдү бүтүнгө айландырат, эссе, дил баян жаза алат;
- белгилүү чен-өлчөмдөргө, критерийлерге карата маанилүүлүктү, тактыкты, окшоштукту, шайкештикти аныктайт, натыйжага баа берет;
- практикалык иштерди аткарып, оозеки жооп бере алат, жазуу иштерин аткаруу жөндөмдүүлүктөрүнө ээ.

**Адам жана коом предметинде окуучуларды баалоонун болжолдуу критерийлери:**

**1. Оозеки жооп берүүнүн критерийлери:**

- жооп окуп-үйрөнгөн материалга негизделиши;
- логикалык уланмалуулукта жана толук болушу;
- жооп адабий тилде берилиши;
- окуучунун өзүнүн көз карашын билдириши керек.

“5” – жооп адабий тилде окуп-үйрөнгөн материалга негизделип, логикалык уланмалуулукта жана толук, окуучунун жекече көз карашын билдирет;

“4” – жооп окуп-үйрөнгөн материалга негизделип, логикалык уланмалуулукта жана толук, бирок, бир-эки ката белгиленди;

“3” – жооп толук эмес, бири-бири менен байланышта эмес, бирок, окуучу материалды негизин билет.

**2. Жазуу иштерин баалоонун критерийлери:**

- жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтыйт;
- жооп берүүдө өзүнүн жекече көз карашын билдире алат;
- жообунда терминдерди жана түшүнүктөрдү колдоно алат;
- жооп фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбаларга негизделген.

“5” – жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган. Жообунда окуучу фактыларга, коомдук жана жекече тажрыйбасына негизденип, өзүнүн жекече көз карашын билдирет;

“4” – жооп окуп-үйрөнгөн материалды толук камтып, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган, аргументтер келтирилген;

“3” – жооп окуп-үйрөнгөн материалдын негизинде гана берилген, терминдер жана түшүнүктөр колдонулган эмес, аргументтер келтирилген эмес.

**3. Практикалык ишти баалоонун критерийи:**

- окуучулар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө тапшырмаларды аткаруунун уланмалуулугун сактайт;
- тапшырмаларды аткарууда өз алдынча сунушталган булактарды тандап, аларды колдоно алат;

- теориялык алган билимин, көндүм, ыкмаларды өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө колдоно алат;

- чыгармачыл эмгектерин презентациялоодо техникалык, стилистикалык каталары жок.

“5” – тапшырма толук материалды камтып, логикалык уланмалуулукта аткарылган. Окуучулар маалымат булактарын, теориялык алган билимин жана практикалык көндүм, ыкмаларын туура колдонгон, техникалык жана стилистикалык каталары жок;

“4” – тапшырма толук материалды камтып, бирок, кээ бир жерлеринде логикалык уланмалуулук сакталган эмес. Окуучулар маалымат булактарын колдонгон, бирок, иштин жыйынтыгын презентациялоодо техникалык жана стилистикалык каталар бар;

“3” – тапшырма мугалимдин жардамы менен аткарылган же толук бүтпөй калгандыктан үйгө иштеп келүү үчүн берилген. Окуучулар материалды теориялык жакшы билгени менен практикалык түрдө аткара алышпайт.

Баалоонун эң негизги этабы болуп алынган натыйжаларды баалоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кеңири байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;

2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:

–окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;

–окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;

3. Окутуу методикасына көңүл буруусу, оңдоолорду киргизүүсү;

4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

**1-тиркеме: 5-таблица.**

**Мазмундук багыттар жана предметтик компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары.**

| М/Л | ПК | Күтүлүүчү натыйжалар | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **6-класс** | **7-класс** | **8-класс** | **9-класс** |
| **Социалдашуу** | **Өзүн өзү жана социалдык чөйрөнү таанып билүү** | - Адамдын биосоциалдык бүтүндүгүн түшүнөт;<br>- Окуучу, үй-бүлө мүчөсү катары өзүнө карата, коомчулукка, досторуна, коңшуларына, мектепке карата өзүнүн идентификациясын түзөт;<br>- Маданий көп түрдүүлүктү, социалдык жана курактык топторду баяндап берет | - Ар бир адамдын индивидуалдуулугун аңдап-билет;<br>- “Темперамент”, “мүнөз”, “жөндөм” түшүнүктөрүнө аныктама берип, анализдей алат;<br>- Адамдын жашоосундагы баалуулуктар жана алардын ролун билүү менен өзүнүн баалуулуктарын аныктай алат | - “Адам”, “индивид”, “инсан” түшүнүктөрүнө мүнөздөмө берип, анализдейт<br>- Мен-концепция, анын түзүмдүк компоненттерин атай алат, адамдарга карата сабырдуулук жана сый-урмат маанилүү экендигин билет;<br>- Инсандын калыптануусун-дагы билимдин маанисин баалай алат | - “Кыргыз жараны” – жарандык иденттүүлүк, бул адамдын ички дүйнөсүнүн жана коомдун таасирлеринин ортосундагы тең салмакты табуу аркылуу ишке ашкан процесс экендигин түшүнөт;<br>- Өзүнүн ички дүйнөсүн түшүнүү менен өзүнүн кызыкчылыктарын, ишенимдерин жана дүйнө таанымын изилдөөгө умтулат |
| | **Жарандык-укуктук** | - Коомдук нормалар жана чектөөлөрдү билет, алардын негизинде өзүнүн иш-аракетин уюштурат;<br>- Адамды курчаган чөйрө, “жергиликтүү коом” түшүнүктөрүнүн маанисин ачып берет | - Өзүнүн жана башка адамдардын жүрүм-турумун жана иш-аракеттерин адеп-ахлактык баалуулуктар, жакшы жана жаман позициясынан баалайт;<br>- Адамдын социумда өнүгүп, калыптануусун түшүндүрүп берет | - “Кыргыз жараны” – активдүү жарандык сапаттардын жарандык иденттүүлүктүн калыптандыруусуна тийгизген оң таасирин анализдейт | - Коомдо өз ордун табууда социалдык ролун, жеке жана коомдук баалуулуктарын аныктайт;<br>- Коомдук тартипти сактоонун маанилүүлүгүн аңдап-түшүнүп, өзүнүн иш-аракеттерине жоопкерчиликти алат |
| | **Финансы лык-экономикалык** | - Жашыл экономиканын керектөөдөгү ордун билет жана элементтерин колдоно алат; | - Үнөмдөө жана сарамжалдуу пайдалануунун жолдорун билет; | - Үй-бүлөсү менен каражат топтоону пландыштары алат | - Кесиптик багытты тандоодо – өзүнүн потенциалын ачуу жана коомго пайда келтирүү жолундагы маанилүү кадамдарды талдайт |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Улуттук нарк жана баалуулуктар** | **Өзүн өзү жана социалдык чөйрөнү таанып билүү** | - Өзүн этностук белгилерине карап идентификациялайт; | - Үй-бүлөлүк баалуулуктар – инсандын калыптануусунун негизги шарты экендигин мисалдар менен айтып бере алат | - Инсандар аралык мамилелерде каада-салтка, үрп-адатка негизделип аракеттенет | - Жакшылык жана жамандык, адептүүлүк көз карашынан баарлашуу жана жүрүм-турум эрежелерин колдонот |
| | **Жарандык-укуктук** | - Адеп-ахлактык нормаларды башка социалдык нормалар менен салыштырып, айтып бере алат | - Улуттук дөөлөттөрдү: руханий жана материалдык баалуулуктарды билет, аларды сактоо жана өнүктүрүү боюнча эрежелерди карманат | - Кыргыз кодексиндеги принциптерди, аларды турмушта колдонуунун жолдорун билет; | - Үч болбойт принциби боюнча өзүнүн жүрүм-турум эрежелерин уюштурат |
| | **Финансы лык-экономикалык** | - Сарамжалдуу жана жоопкерчиликтүү керектөө адатын өздөштүрөт | - Жашыл керектөөнү улуттук өнүттөн колдонууну үйрөнөт | -Сарамжалдуулук боюнча эрежелерди өздөштүрөт; | - Улуттук экологиялык таза өнүмдөрдү тандоону үйрөнөт |
| **Туруктуу өнүгүү жана коопсуздук** | **Өзүн-өзү жана социалдык чөйрөнү таанып билүү** | - Укук качан бузуларын, жеке жана коомдук коопсуздукка коркунуч качан пайда болорун, бул маанилүү маселелерди ким жана качан чечерин аныктайт | - Инсандар аралык мамилелерге жардам берген жана тоскоол болгон сапаттарды аныктайт<br>- Буллингдин коомдогу терс кесепеттерин жана жоопкерчилигин билет<br>- Баарлашуу эрежелерин билет жана колдонот | - Коомдук жана жеке коопсуздук, алардын сактоонун маанилүүлүгүн жана эрежелерин билет; | - Маданияттар диалогу – бул баарлашуу маданиятынын башкы принциби экендигин билет |
| | **Жарандык-укуктук** | - Адамдын жана жарандардын укуктарын аныктайт; | - Адеп-ахлактык жана укуктук ченемдер менен жөнгө салынуучу деструктивдүү жүрүм-турумдун түрлөрүн анализдейт | - Жарандардын тең укуктуулугун анализдеп, пикирин билдирет; | - Активдүү окуучу катары жүрүм-турумдагы жана окуудагы жеке жоопкерчилигин далилдейт |
| | **Финансы лык-экономикалык** | - Экология жана экономика бири-бири менен байланыштуу экенин, ресурстарды үнөмдөө маанилүү экенин түшүнөт | - Мектептин коммуналдык мейкиндигинин түзүлүшү, мектептин жашоосунун экономикалык аспекттери жөнүндө айтып берет | - Адамдын ишмердүүлүгүн үн адамдын жашоо чөйрөсүнө тийгизген таасирин баяндап берет | - Таштанды жана аны азайтуунун жолдорун жөнөкөй мисалдар менен айтып берет |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Адам укугу, эркиндиги жана жоопкерчилиги** | **Өзүн-өзү жана социалдык чөйрөнү таанып билүү** | - Коомдо жана мектепте башкалардын укуктарын сыйлоо менен өз ара аракеттенет | - Кыргыз жараны катары өзүнүн иденттүүлүгүн таанып-билет;<br>- Өзүнүн укуктарын жана милдеттерин билет;<br>- өзүнүн иш-аракети үчүн жоопкерчиликти мойнуна алат | - Жашоо жана эркиндик – бул негизги баалуулук экендигин түшүнөт | - Өзүнүн өмүрүнө, ден-соолугуна жооптуу мамиле кылуу керектигин, зыяндуу адаттар ден-соолукка кандай таасирин тийгизерин билет жана туура чечим чыгарат |
| | **Жарандык-укуктук** | - Адам укуктарын бузбоо үчүн жооптуу жүрүм-турумдун үлгүлөрүн көрсөтөт;<br>- Укуктук нормаларды сактоонун маанилүүлүгүн билет жана аларды күнүмдүк жашоодо колдонот | - Кыргыз жараны катары өзүнүн милдеттерине таянып, жоопкерчиликтүү аракеттенет;<br>- Социалдык долбоорлорго активдүү катышат;<br>- Өз ара мамилелерде демократиянын принциптерин сактайт | - Бак-дарактарды, парктарды жана токойлорду колдонуу жана коргоо, дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды коргоого байланыштуу маселелерди түшүндүрөт | - Мамлекет, мамлекеттин түзүлүшү, башкаруу механизмдери жана укук түшүнүктөрүн жөнөкөй тил менен түшүндүрөт |
| | **Финансы лык-экономикалык** | - Айлана-чөйрөгө тийгизилген зыянды аны калыбына келтирүүгө сарпталган чыгымдар менен салыштырат | - Айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү мамиле жасайт;<br>- Керектөөчү катары өзүнүн укуктарын жана жоопкерчилигин билет | - Товарларды экологиялык маркировкалоо жөнүндө маалыматты табат жана көрсөтөт | - Мамлекеттин экономика жана экология багытындагы ишмердүүлүгүнө таянып, улуттук баалуулуктарга, нарк-насилге негизделген сарамжалдуулук көндүмүн калыптандырат |

**2-тиркеме: 6-таблица.**

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы**

| Предметтик компетенттүүлүктөр | Негизги компетенттүүлүктөр | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Таанып-билүүчүлүк-ишмердүүлүк | Социалдык-коммуникативдик | Эмоционалдык-инсандык | Маалыматтык-санариптик |
| **Өзүн өзү жана социалдык чөйрөнү таанып-билүү** | - окуучу өзүнүн мүнөзүн, сезимдерин аңдап-билип, жүрүм-турумун туура уюштурат;<br>- өзүн курчаган адамдардын мүнөзүн, сезимдерин эске алып коопсуз аракеттенүүгө үйрөнөт;<br>- ар түрдүү коомдук кырдаалдарды терең түшүнүп, себеп-натыйжаларды сынчыл талдап, чечим кабыл алат | - коомдун ар түрдүү чөйрөлөрүндө адеп-ахлактык баалуулуктарга таянган иш-аракеттерди жүргүзөт;<br>- жеке жана коомдук маселелерди чыгармачылык менен чечүүнүн жолдорун сунуштайт;<br>- ар түрдүү пикирлерге ачык мамиле жасап, конструктивдүү диалог жүргүзө алат | - өзүнүн эмоцияларын, ойлорун жана жүрүм-турумун түшүнүп, айланадагы адамдар менен болгон мамилесине баам салат;<br>- эмоцияларды башкаруу, стресс менен күрөшүү жана позитивдүү маанайда болууга умтулат;<br>- ден соолукка пайдалуу адаттарды өздөштүрүп, зыяндуу адаттардан алыс болууга умтулат | - маалыматты издөөнү, тандап алууну жана ишенимдүү булактан алынган маалыматты тандоону үйрөнөт;<br>- интернет, электрондук почта, социалдык тармактар жана башка санариптик платформаларды жоопкерчилик менен пайдаланат;<br>- медиа мейкиндигинде өз оюн маданияттуу жана аргументтүү билдире алат |
| **Жарандык-укуктук** | - өзүнүн укуктарын жана милдеттерин билет жана күнүмдүк турмушта аларды туура колдоно алат;<br>- коомдук эрежелерди, мыйзамдарды сактоо менен коомдун жоопкерчиликтүү мүчөсү болуу маанилүү экендигин түшүнөт;<br>- экономикалык жана экологиялык маселелерге | - Кыргыз жараны катары үй-бүлөдөгү, мектептеги жана коомдогу жашоого жоопкерчилик менен катышат;<br>- ар түрдүү кырдаалдарга укуктук өңүттөн сынчыл ой-жүгүртүп, чыгармачыл эмгектерди даярдайт; | - коомдо өзүн адептүү жана маданияттуу алып жүрүүгө аракет кылат;<br>- эмоцияларын башкарып, конфликттерди тынчтык жолу менен чечүүгө умтулат;<br>- терс таасирлерге каршы турууда акыл-эстүү, жоопкерчиликтүү чечимдерди кабыл алат;<br>- физикалык жана | - өзүнүн жарандык укуктарын жана милдеттерин туура түшүнүп, коомдук маалыматтар менен иштөөдө жоопкерчиликтүү болот;<br>- интеллектуалдык укук жөнүндө түшүнүккө ээ болуп, маалыматты бөлүшүүдө башкалардын укугун, абийрин, көз |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жарандык көз караштан келип чыгып, аракеттенет | | психологиялык ден-соолугун сактап, пайдалуу көндүмдөрдү калыптандырат | карашын эске алат;<br>- мыйзамдар, укуктук документтер тууралуу маалыматтарды издеп, колдоно алат |
| **Финансылык-экономикалык** | - ак эмгектин, акчанын, үнөмдөөнүн, керектөөнүн жана бюджеттин маанисин түшүнөт;<br>- өзүнүн жеке чыгымдарын пландап, финансылык чечимдерди жоопкерчилик менен кабыл алууга үйрөнөт;<br>- күнүмдүк жашоодо ар кандай финансылык маалыматтарды (товар, баа, жарнама) талдап, акыл-эстүү тандоо жасайт | - экономикалык чечимдерди кабыл алууда жаратылышка тийгизе турган таасирди эске алат;<br>- үнөмдүү керектөө маданиятын жана ресурстарды туура колдонуу эрежелерин өздөштүрөт;<br>- таштандыны азайтуу, кайра иштетүү жана экологиялык таза товарларды тандоо аркылуу жаратылышты коргоого активдүү катышат | - өзүнүн чыгымдарын пландап, кичинекей бюджет түзө алат жана аны көзөмөлдөйт;<br>- эмоцияларынын акча сарптоого тийгизген таасирин түшүнөт (м., стресстен улам ашыкча сатып алуу);<br>- ден соолукка зыян тийгизе турган нерселерди сатып албоо көндүмдөрү калыптанат;<br>- материалдык муктаждыктар жана мүмкүнчүлүктөр менен руханий канаатанууну тең салмакта сактоого үйрөнөт | - онлайн төлөм, банк карталары, электрондук капчыктар менен иштөөнүн коопсуз эрежелерин билет;<br>- финансылык фишинг, алдамчылык же фейк-маалыматтарды билет, алардан сактануу көндүмдөрү калыптанат;<br>- товарлардын жана кызматтардын бааларын салыштырып, анализдей алат |